КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«25» июль 2022-жыл.* №12/5 *Жар-Кыштак айылы*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ XII СЕССИЯСЫНЫН**

**Т О К Т О М У(көчүрмө)**

Ырыс айыл аймагында жайгашкан жерлерди "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер " категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамын жетекчиликке алып, Жер Кодексинин 11, 13-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 15.07.2013-жылдагы №145 «Жерлерди которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.03.014-жылдагы №169 токтому менен бекитилген Жобонун 11, 13, 15, 17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 26.12.2020-жылдагы №12 «Инвестицияларды колдоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү» Мыйзамына негизденип, Ырыс айыл өкмөтүнүн жер комиссиясынын протоколун депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Жерлерди которуу (трансформациялоо) боюнча айыл өкмөтү тарабынан даярдалган иш кагаздарын негизинде Ырыс айыл аймагынын Сасык-Булак айылындагы № 9 (1,5 га), №21 (1,5 га) контурларда жайгашкан 3,0 га жайыт жерлер кыш завод куруу үчүн, №267 контурда жайгашкан 1,0 га жайыт жерлер автосервис куруу үчүн, №267 контурда жайгашкан 15,0 га жайыт жерлер көрүстөн үчүн, Чымчык-Жар айылындагы №183 контурда жайгашкан 0,1 га жайыт жерлер гүрүч кургатуучу жай үчүн, жалпысынан 19,1 гектар жайыт жер аянты «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынан «Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясына, Чымчык-Жар айылындагы №89 контурда жайгашкан 2,58 га жайыт жерлер көп жылдык бак-дарактарды отургузуу үчүн айыл чарба жерлерин жерлердин башка түрлөрүнө которууга макулдук берилсин.

2. Айыл аймагындагы айыл чарба багытындагы жерлерди жерлердин башка түрлөрүнө же башка категорияларына которуу боюнча даярдалган иш кагаздарын толуктап, жерлердин категорияларына өзгөртүүлөр киргизилип жана бул маселени мыйзам ченемдуу чечип берүү жагы жогорку бийлик органдарынан суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер меселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Ырыс айыл өкмөтүнүн www.yrys.org.kg расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.Кадиркулов.**